53

**"БЕКИТЕМИН"**
Жалал-Абад мамлекеттик
университетинин ректору,
техника илимдеринин
доктору, профессор

__________ К.Ж.Усенов

"__6__" __ноябрь__ 2017-ж.

Иманакунова Күлнар Шеримбековнанын "Орто мектептерде кыргыз тили сабагында окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүүдө макалдарды колдонуунун технологиясы" деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына карата **жетектөөчү илимий мекеменин**

## Р А С М И Й П И К И Р И

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** «Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн Улуттук программасы» кыргыз тилин эне тили катары окутуу-үйрөтүү жумуштарына да жаңы талаптарды коюп, бир катар милдеттерди аныктап, аларды турмушка ашырууга карата конкреттүү тапшырмаларды белгиледи. Окутуунун максатында окуучулардын оозеки жана жазуу кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүү менен бирге эле эне тилинин тилдик-маданий баалуулуктарын барктай билүүгө көнүктүрүү максаты да көрсөтүлдү. Коюлган максатка ылайык таанып-билүүчүлүк, жүрүм-турумдук милдеттер менен катар эне тилди улуттук, адамзаттык баалуулук катары кастарлоо милдети коюлду. Ага ылайык: «**Кыргыз тилин эне тили катары баалап, аны менен сыймыктанып, өзүн-өзү, өз улутун, мекенин, дүйнөнү таанып-билүүнүн кубаттуу куралы, соолбос булагы катары эне тилин кастарлап, илим-билимди, кесипти өздөштүрүп, жан дүйнөсүндө аларды өздөштүрүүнүн каражаты катары колдонуу көндүмдөрүн өркүндөтүү**» милдетине артыкчылыктуу маани берүү талап болуп турат. Бул милдеттин

өтөөсүнө чыгуу үчүн орто мектепте, айрыкча, жогорку класстарда, кыргыз тилин окутуунун мазмунуна, каражатына жана ык-жолдоруна инновациялык жаңылоолорду киргизүү зарылдыктары пайда болду.

Кыргыз тилин эне тили катары окутууга коюлуп жаткан соңку талап-милдеттерди толук ишке ашыруу үчүн бүгүнкү күндө кыргыз элдик педагогикасына кайрылуу зарылдыгы пайда болду. Эне тилдин элдик педагогикалык таалим-тарбиялык улуу күчүн, мүмкүнчүлүктөрүн улуу педагогдор белгилеп келишкен.

Кылымдар бою кыргыз макалы таалим-тарбия берүүнүн ары таасирдүү, ары күчтүү куралы болуп, кыргыз тилин окутуп- үйрөтүүнүн "окуу куралы" катары кызмат кылып келгени белгилүү. Элдик педагогиканын бул тажрыйбасы И. Арабаевдин алгачкы "Алиппесинде" колдонулуп, К. Тыныстановдун "Кыргыз тили" окуу китептеринде макалдар окутуунун маанилүү каражаты катары кеңири сунуш кылынган. Кыргыз эли макалдарга бай болуп туруп, алар филологиялык жана педагогикалык жактан дурус иликтенгенине карабастан, кыргыз тили сабагында кеңири колдонулбай келет. Диссертациялык иште кыргыз макалдарын окутуунун мазмуну менен анын каражаты катары, өзүн-өзү таанып-билүүнүн куралы катары, окуучулардын коммуникативдик компетентүүлүктөрүн өркүндөтүүдө окутуунун конкреттүү ык-жолдору сунуш кылынып, аларды сабак процессинде колдонуунун үлгүлөрү, интерактивдүү методдору иштелип чыккан. Булар теманын актуалдуулугун аныктайт.

**2. Изилдөөнүн илимий жоболорунун, жыйынтыктарынын жана сунуштардын негизделишинин даражасы.**

Диссертацияда иштелип чыккан илимий жоболордун, жалпы жыйынтыктардын жана практикалык сунуштардын негизделишинин даражасы эксперименталдык тажрыйбалык иштердин жалпы жыйынтыктарын статистикалык негизде анализдөө менен камсыз кылынган.

Диссертациянын структуралык түзүмү андагы коюлган милдеттерге дал келип, алардын ар биринин чечилиши логикалык ырааттуулукта, удаалаштыкта көрсөтүлгөн. Изилдөө кириш бөлүмдөн, үч главадан, корутундудан, библиографиядан жана тиркемеден турат, жалпы көлөмү 171 бет, пайдаланылган адабияттардын тизмеси -129, таблицалар -10, тиркемелер – 10 бет. Киришүү бөлүмүндө диссертант тандалып алынган теманын актуалдуулугу, максат-милдеттери, илимий жаңылыгы, теориялык жана практикалык мааниси, изденүүчүнүн жеке салымы, коргоого коюлуучу негизги жоболор, апробацияланышы тууралуу маалыматтарды берген.

Биринчи глава "Макал жана аларды кыргыз тили сабагында колдонуунун теориялык, практикалык жалпы маселелери"деп аталып, бул главада эки милдет ишке ашырылган. Биринчи милдет кыргыз тили сабагында макалдарды колдонуунун максат-милдетин жана мүмкүнчүлүктөрүн аныктоого, экинчи милдет кыргыз тили сабагында

макалдарды колдонуунун тажрыйбаларын талдоо, аларды азыркы талаптарга ылайык пайдаланууга сунуштоо.

«Макалдарды кыргыз тили сабагында колдонуунун дидактикалык негиздери» деп аталган 2-главада макалдарды окутуунун технологиялары жана аларды өркүндөтүүнүн жолдору, ыкмалары көрсөтүлүп, макалдар кыргыз тили сабагынын мазмуну жана каражаты катары каралат.

3-главада педагогикалык тажрыйбалардын жүрүшү жана анын жыйынтыктары чагылдырылат.

Корутунду бөлүмдө изилдөө иши боюнча жүргүзүлгөн эксперименталдык жумуштардын жалпы жыйынтыктары, алар боюнча чыккан корутундулар жана практикалык сунуштар айтылган.

Изилдөөнүн акырында илимий-методикалык, педагогикалык жана башка адабияттардын тизмеси жана тиркемеде макалдарды тилдик компетенция, маданият таануучулук компетенция, өзүн-өзү таануучулук компетенцияларды өнүктүрүүгө колдонуунун негиздери берилген.

Тажрыйбалык-эксперименталдык иштердин мазмуну, натыйжалары, педагогикалык иш-тажрыйбалар жалпылаштырылып, керектүү жыйынтык-корутундулар чыгарылган. Изилдөөдөн алынган жалпы жыйынтыктар конкреттүү практикалык сунуштарды берүүгө негиз болгон.

**3.Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси.**

Кыргыз макалдарынын филологиялык жана педагогикалык өңүттө иликтениши талдоого алынып, системалаштырылгандыгы, окуучулардын тилдик жана коммуникативдик компетентүүлүктөрүн өркүндөтүүдө колдонуунун дидактикалык негиздеринин иштелип чыгышы, орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулукту арттырууда макалдарды пайдалануунун методикасынын иштелиши, класстан тышкаркы иштерде макалдарды пайдалануунун жол-жоболорунун көрсөтүлүшү.

**4.Изилдөөнүн практикалык баалуулугу:**

Мектеп мугалимдерине макалдарды сабакта колдонуунун максаты менен милдетин так аныктап бергендиги, тил илиминин бөлүмдөрүн (фонетика, лексика,морфология, синтаксис) окутууда макалдарды колдонуунун ык-жолдору сунуш кылынып, аларды сабак процессинде жана сабактан тышкаркы иштерде пайдалануунун интерактивдүү методдорунун иштелип чыгышы, практикалык маселелерге басым жасалгандыгы менен тастыкталат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** : Макалдардын тил илими, адабият таануу жана педагогика илиминде изилденишин өз алдынча иликтеп, корутунду чыгаргандыгы, макалдарды кыргыз тили сабагында колдонуунун технологияларын жаңыча иштеп чыккандыгы, эксперименттик текшерүүдө тастыкталгандыгы менен аныкталат.

**5.Авторефераттын диссертациянын мазмуну менен дал келиши.**

Диссертация киришүүдөн, үч глава жана корутундудан турат. Изилдөөдө 129 аталыштагы эмгектер пайдаланылган. Авторефераттын көлөмү резюмелерди кошпогондо белгиленген талаптан ашкан эмес.

Автореферат диссертациянын мазмунун толук чагылдырган. Изилдөөнүн милдеттеринин чечилиши главалар боюнча так көрсөтүлгөн.

Жалпысынан, изилдөө ийгиликтүү иштелген, өз алдынча аткарылган, толук бүткөрүлгөн иш катары оң баага татыктуу. Аталган ийгиликтер менен кошо ***айрым мүчүлүштүктөр*** да байкалды, алар:

***Биринчиси,*** илимий-теориялык маселелерге ашыкча орун берилген. Сабактын иштелмелерин көбөйтсө дурус болмок.

***Экинчиси,*** жалпы корутунду жакшы чыгарылган, милдеттердин ар биринин чечилишинин деңгээли көрсөтүлгөн, бирок практикалык сунуштарды конкреттүү берүү керек эле.

Бирок белгиленген мындай мүчүлүштүктөр принципиалдуу мүнөзгө ээ эмес, алар изилдөөнүн жалпы деңгээлин төмөндөтпөйт.

Иманакунова Күлнар Шеримбековнанын **"Орто мектептерде кыргыз тили сабагында окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүүдө макалдарды колдонуунун технологиясы"** деген темадагы диссертациялык изилдөөсү Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын "Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү" Жобосунун 10-пунктунун талаптарына толук жооп берет. Ал эми изденүүчү Иманакунова К.Ш. 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейбиз.

Пикир Жалал-Абад мамлекеттик университетинин башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедрасынын кеңейтилген жыйынынын отурумунда 2017-жылдын. 2-ноябрында (№5-протокол) талкууланып, бекитилди.

Катышкандар:
Сакиева С.С.– педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02);
Токтогулов С.Т.– педагогика илимдеринин доктору (13.00.01);
Ураимов К.М. – педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.02);
Эшиев М.Ж.– педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
Жолдошбаева Ы.К.– педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.08);
Ажыбаева З.– филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.00.01);
Найманбаев М.Ж.– педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
Ажыкулов С.М. – педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.01);
Рыскулова Г.У.– педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.01);
Нусупова Р.С.– педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.08)

Отурумдун төрайымы,
педагогика илимдеринин
доктору, профессор Сакиева С.С.

*Педагогика илимдеринин доктору, профессор С.С.Сакиеванын колун тастыктаймын.*
*Жалал-Абад мамлекеттик университетинин*
*окумуштуу катчысы, п.и.к.* *Нусупова Р.С.*

Дата поступления отзыва
в ДС 10 ноября 2017 г
Уч. секр ДС: Оскурбаева Д.К.

И. АРАБАЕВ ат. КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
КОЛ ... ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ